## «Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

# «Куш келиңиз, Нооруз!»

## Иш чара отчету

**Даярдаган: улук окутуучу -Тагаева Г. А.**

**Бишкек 2023-жыл**

# Нооруз иш чаранын отчету

**«Куш келиңиз, Нооруз!»**

«Бишкек инновациялык колледжи» мекемесинде 2023-жылдын 17-мартында Нооруз майрамына карата арналган «Куш келиңиз, Нооруз!» аттуу темада чоң масштабдагы иш чара болуп өттү. Иш чаранын планы уюштуруучулар тарабынан такталып, жооптуу окутуучуларга алдын ала берилди.

**Максаты:** Көрүүчүлөргө, студенттерге жагымдуу майрамдык маанай тартуулоо. Кыргыз элинин маданияты, каада-салты аркылуу улуттун өзгөчөлүгүн, улуугун түшүндүрүү. Аларды турмушта колдоно билүүгө, үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттыруу. Майрамдарга активдүү катышууга үндөө.

Майрамдык салтанатты БИК мекемесинин кыргыз тили жана кыргыз адабиятынын улук окутуучулары: Тагаева Гүлзат Аликовна, Абдылдаева Бегайым Орозакуновна, Абылкасымова Рита Тургуналиевна, Казакбаева Жазгүл Жеңишбековна эжекелерибиз уюштурушту.

Нооруз майрамынын урматына БИК мекемесинин алдына кыргыз боз үйү тигилип, иш чара өтүлүүчү жай «Нооруз» темасына байланыштуу түстүү сүрөттөр, дубал гезиттер, банерлер менен жасалгаланды. **«Нооруз» майрамынын сценарийи 3-бөлүмдөн түзүлдү.**

**Иш чарабыздын 1-бөлүмүндө:** алып баруучулардын саламдашуусу, студент кыздар тарабынан кыргыз бий, «Манас» эпосунан үзүндүлөр, жапа тырмак ырлар аткарылды. Бардык меймандарга колго суу куюу жөрөлгөсү көрсөтүлүп, ыйык тамак - сүмөлөк менен боорсоктор таркатылды. БИК мекемесинин мүдүрү, философия илимдеринин доктору, доцент - Эркинбеков Кылыч Эркинбековичке жана келген конокторго сөз берилип, алар каалоо-тилектерин айтышып, студенттерге ак баталарын беришти.

БИК мекемесинин жалпы жамаатына, студенттерге, конокторго математика сабагынын улук окутуучусу Стамбаева Миргүл Шамыркановна эжекебиз Умай эненин ак батасын берди. Ошондой эле окутуучулардын атынан куттуктоо катарында Стамбаева Миргүл Шамыркановна жана дене тарбия сабагынын окутуучусу Абдыкерим уулу Ноорузбай эже-агайларыбыздын ырлары жалпы көрүүчүлөргө тартууланып, майрамдык салтанатты шаңга бөлөдү.

**Иш чарабыздын 2-бөлүмүндө:** 1-2-курстар тарабынан улуттук музыкалык аспаптар, жаз темасындагы ырлар, Акыйнек айтышуу ырлары жаңырды. Өзбек бийи бийленди.

**Иш чарабыздын 3-бөлүмүндө:** дене тарбия сабагынын окутуучусу Абдыкерим уулу Ноорузбай тарабынан улуттук «Кол күрөш» «Аркан тартыш» ж.б. оюндары 1-2-3-курстарга ойнотулду. Ошондой эле «Тушоо кесүү» каада-салты аткарылып, кесиптешибиз Жаннат эжекебиздин уулунун тушоосу кесилип, аксакал жана Умай эне тарабынан ак баталар берилди. Алдыга озуп келген жеңүүчүлөр белек-бечкектер, акчалай сыйлыктар менен сыйланышты.

Жыйынтыгында улуттук оюндар таймашына жигердүү катышкан студенттер жана улуттук тамак-аштар (кыргыз, казак, өзбек, түрк, тажик, татар, грузин элдеринин) сынагынын жеңүүчүлөрү калыстар тобу аркылуу такталып, БИК мекемесинин мүдүрү, философия илимдеринин доктору, доцент - Эркинбеков Кылыч Эркинбекович агайыбыздын атынан акчалай, Нооруз майрамына жигердүү катышкан студенттер администрация тарабынан ыраазычылык каттар менен сыйланышты.

Келген конокторго, студенттерге дасторкон жазылып, атайын улуттук сый тамак-аштар жасалып, жалпы таркатылды. Майрамдык салтанат эң жогорку деңгээлде өткөрүлүп, бардык окутуучуларга, келген конокторго, студенттерге жагымдуу маанай, майрамдык шаттык-шаң тартуулады.

Даярдаган: кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабактарынын улук окутуучусу, "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисинин ээси - Тагаева Гүлзат Аликовна.









Бишкек инновациялык колледжи
Бишкекский инновационный колледж


Бишкекский инновационный колледж

